УДК: 372.853. (575.2)(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-253-257

**Курманкулов Ш.Ж.**
пед. илим. док., проф.
Талас мамлекеттик университети
**Раева М.Т.**
пед. илим. канд., доц.
Талас мамлекеттик университети
**Курманкулов Ш.Ж.**
док. пед. наук, проф.
Таласский государственный университет
**Раева М.Т.**
канд. пед. наук, доц.
Таласский государственный университет
**Kurmankulov Sh.Zh.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Talas State University
**Raeva M.T.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Talas State University

# ЖАҢЫ СТАНДАРТТЫН ТАЛАБЫНА ЫЛАЙЫК ОКУТУУГА КАРАТА МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН СУРОО ТАЛАПТАРЫ

# ЗАПРОС ТРЕБОВАНИЙ ШКОЛЬНЫХ УЧИТЕЛЕЙ ПО ПРЕПОДАВАНИЮ, СООТВЕТСТВУЮЩЕМУ ТРЕБОВАНИЯМ НОВОГО СТАНДАРТА

# INQUIRY REQUIREMENTS OF SCHOOL TEACHERS ON TEACHING APPROPRIATE TO THE REQUIREMENTS OF THE NEW STANDARD

**Аннотация:** Айыл жергесиндеги мектептердеги билим берүү сапатына болгон ар кандай көз караштардын бар экенинин илимий макаларды анализдөө менен көрсөткөн. Билим берүү башкармалыгы тараптан коюлган талаптын негизинде мектептерде предметтик сабактарды жаңы муундагы мамлекеттик стандартын талабына ылайык окутууга карата мектеп мугалимдеринин даярдыгына анализ берилген. Ошондой эле кийинки окуу жылынан баштап кенже класстардагы табигый-математикалык предметтердин мугалимдеринен жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттын талабына ылайык окутууга карата мугалимдердин кандай суроо талаптары бар экендиги аныкталган.

**Негизги сөздөр:** Билим берүү системасы, реформа, билим берүү стандарты, баалуулуктар, кризис, табигый-математикалык предметтер, мугалим, чыгармачылык, илимдүүлүк, окуу куралдары, окуу каражаттары, окуу китептери, интерактивдүүлүк.

**Аннотация:** В статье рассматриваются различные взгляды на качество образования в школах  сельской местности. Анализируется готовность школьных учителей на основе требования Департамента образования школы  преподавании предмета и в соответствии с требованиями государственного стандарта нового поколения. Определены вопросы подготовки школьных преподавателей элементарных естественных и математических дисциплин нового поколения для обучения со следующего учебного года в соответствии с требованиями государственных образовательных стандартов.

**Ключевые слова**: система образования, реформа образовательных стандартов, ценности и кризис, естественно-математические предметы, творчество, научность, школьные принадлежности, учебники, учебные средства,  интерактивность.

**Annotation:** The article discusses various views on the quality of education in rural schools. The readiness of school teachers is analyzed on the basis of the requirements of the Department of Education of the school for teaching the subject and in accordance with the requirements of the new generation state standard. The issues of training school teachers of elementary natural and mathematical disciplines of a new generation for training from the next academic year in accordance with the requirements of state educational standards are determined.

**Keywords:** education system, reform of educational standards, values and crisis, natural and mathematical subjects, creativity, science, school supplies, textbooks, educational tools, interactivity.

Экономикасы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү системасы коомдун өнүгүүсүнүн алдында болуп, келечектин проблемаларын аныктап аны чечүүнүн аракетинде иштешип, өнүгүүнүн алдыңкы багыттарын көрсөтүп барганга жетишип калгандай. Ал эми экономикасы жакшы өнүкпөгөн өлкөлөрдө билим берүү системасы коомдук өнүгүүдөн артта калып, анын раелдуу талаптарын канааттандырбастан өзүнүн крисиздик абалына туш болуп, билим берүүдө өзүнүн чабалдыгын көрсөтүп келет.

Кыргыз өкмөтү билим берүү системасына ургаалдуу реформа керек экендигин аныктап, билим берүүнүн жаңы муундагы мамлекеттик стандарты кабыл алынганга чейин Кыргызстанда мектептерди билим берүү системасынын крисиздик абалга карай кетип баратканыкөптөгөн илимий макалаларда айтылып келет. Көрсөтүлгөн макаланын автору [1] мындай маалыматты мисал келтирген. Совет мезгилинде Кыргызстанда 17 сабак боюнча билим алышса, бүгүн 24 даанага жеткен. Окуу жүктөмдөрүнүн көбөйүшү билим берүүнүн сапатын жакшыртууга эмес, начарлоого алып келгенини 4 себеп менен түшүндүргөн.

Биздеги билим берүү системасынын чындыгында эле крисизде экенин белгилеп көрсөтүлгөн макаланын автору [2], аны системалуу төмөнкү иш чаралар гана крисизден алып чага алышын айткан. Бул иш чаралар бирдиктүү, бирге каралып өз ара байланышта чечилгенде гана үзүрлүү натыйжа болушу мүмкүн деген. Алар төмөнкүлөр:

– улуттук билим баалуулуктарына негизделген билим берүү системасынын заманбап моделин иштеп чыгуу;

– ал моделди иш жүзүнө ашырууга керектүү каражаттардын көлөмүн жана булагын так аныктоо;

– жаңы моделди жетектөөчү компетенттүү кадрларды даярдоо.

Биздин жаш эгемендүү өлкөгө атаандаштык экономикасынын тийгизген катаалдык тааасирини астында жалпы элдин турмуш акыбалы оордошуп, анын натыйжасында мугалимдик айлык менен үй-бүлөсүнүн бага албай калган учурлар кездешип, көптөгөн мугалимдер (айрыкча эркектер) аргасыз иш которуп кетишкен. Бул мектептердеги мугалимдердин сапаттык курамына белгилүү таасир эткен. Ошондуктан көрсөтүлгөн макаланын автору ал крисизди мындай баалаган [3, 152-б.]: “Мектепте компетенттүү мугалимдер аз эле калды. Көпчүлүгү сырттан бүтүргөндөр же болбосо “эптеп-септеп” бүтүргөн адистер” – деген.

Советтик доордо ондогон жылдар бою билим берүү министри болуп иштеген М. Базаркулов агайыбыз, өлкөбүздөгү билим берүү системасынын акыбалынын начарлап кетишине өкмөттүн мугалимдерге болгон камкордугунун жоголуп кеткенине байланыштырган. Ал мындай сунуш айткан [4, 5-б.], “Жылдын мыкты мугалимдерине квартира берилген болсо, же мугалимдерге үй алып алуу үчүн жеңилдетилген кредиттер берилсе, мугалимдер аймактан- аймакка которулуп иштешсе, мугалимдик кадрлар максаттуу даярдалса, мугалимдерде бири-биринен тажрыйба алмашуу тез-тез жүрүп турса бүгүнкүдөй акыбалга келбеген болоор элек” – деген оюн айткан.

Бүгүнкү учурда орто билим берүү боюнча жаңы муундагы мамлекеттик стандарт иштелип чыгып Кыргыз Өкмөтү тарабынан бекитилип, таркатылып анын баштапкы класстар үчүн биринчи баскычы 2017–2018 окуу жылында колдонууга берилди [5]. Стандартты колдонууга берүүнүн алдында башталгыч класстын мугалимдеринин кесипке болгон даярдык деңгээли көрсөтүлгөн макалада аныкталган[6].Мектеп мугалимдеринин берген

аныктамасынын негизинде ал 58,9 пайызды түзгөн болсо, ал эми мектеп администрациясынын берген аныктамасы боюнча 53,9 пайызга барабар болгон. 2018–2019 окуу жылында 5–6 класстын окуучуларын жаңы муундагы стандарттын негизинде окутууга тапшырма берилди. Эми жыл сайын жогорулап олтуруп табигый предметтерди жаңы муундагы стандарттын талабына ылайык окутуу мектептерде толугу менен киргизилет.

Жаңы муундагы стандарт мурунку стандарттан көп өзгөчөлүкккө, айырмачылыкка ээ экендигине талаш жок. Ошондуктан, биз мындан ары окутууну жаңы муундагы стандартка ылайыктуу жүргүзүү максатында мектеп мугалимдеринин иш аракеттерин баалоо жана алардын даярдыгын билүү үчүн 2018 жылдын биринчи жарымында табигый-математикалык предметтер боюнча мектеп мугалимдеринен сурамжылоо жүргүздүк.

Сурамжылоого Талас облусунун Талас, Бакай-Ата, Кара-Бура, Манас райондорунун жана Талас шаарынын табигый-математикалык предметтерден сабак берген 173 мугалим катышты.Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү математиктер болушту – 60, анткени мектептерде математиктер көпчүлүк мугалимдер болушат. Ал эми калган предметниктер болжол менен бири бирине барабар болушту физиктер – 29, биологдор – 28, химиктер – 30, географтар – 26.

Жалпысынан караганда сурамжылоого катышкандардын 154 аял, ал эми 19 эркек мугалимдер болушту. Проценттик катышта алсак эркек мугалимдер болгону 10,9 пайызды түзүштү. Ошол мугалимдерди предмет боюнча аныктасак математик мугалими – 10, физик мугалими – 4, биолог мугалими – 3, географ мугалими – 2 ал эми химия боюнча эркек мугалим жок болуп чыкты. Демек сурамжылоого катышкан мугалимдердин 89,1 пайызы аял затынын өкүлү болушту. Сурамжылоого катышкан эркек жана аял мугалимдеринин катышы 1-таблицада берилди. Айрыкча Кара-Бура районунда жана Талас шаарынын мектептеринде табигый-математикалык предметтерден сабак берген эркек мугалимдер 5 пайыздын тегерегин түзөт экен. Бул эркек мугалимдердин шаарда мугалим болууга болгон каалоосу азайып кеткенин билдирет. Мектептерде эркек мугалимдердин саны кескин түрдө кыскарып кеткенин байкоого болот. Өнүккөн япония өлкөсүндө бүгүнкү күндө эркек мугалимдердин мектептеги саны 50 пайызга жакын экендиги белгилүү. Бул фактордун мектептеги, айрыкча математика, физика жана химия предмети боюнча окуучулардын билим алуу сапатына белгилүү өлчөмдө таасири бар экенин танууга болбойт. Бул маселе боюнча изилдөө иштерин жүргүзүү анын таасирин аныктоо өз жемишин бериши мүмкүн деген ойдобуз.

**1-таблица.** Сурамжылоого катышкан эркек жана аял мугалимдеринин катышы

| Мугалим дер | Талас району | Кара-Бура району | Бакай-Ата району | Манас району | Талас шаары | Жалпысы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Аял | 48 | 46 | 26 | 17 | 17 | 154 |
| Эркек | 9 | 2 | 5 | 2 | 1 | 19 |
| Бардыгы: | 57 | 48 | 31 | 19 | 18 | 173 |
| Эркекмугалим % | 15,8 | 4,2 | 16,1 | 10,5 | 5,5 | 10,9 |

Тематиканын максатына ылайык мектеп мугалимдеринин жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарт менен тааныштыбы, аны аткарууга даярбы деген суроону билүү үчүн төмөнкү суроо берилип сурамжылоо жүргүзүлдү.

***1-Суроо:*** *Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү боюнча 2014 жылкы жаңы муундагы мамлекеттик стандарты менен тааныштым.*

*Ооба____ Жок_____**(белги коюнуз)***

Биринчи суроо боюнча райондор жана Талас шаары боюнча алынган маалыматтын жыйынтыгы 2-таблицада берилди. Таблицадан көрүнгөндөй 42 пайыз мугалимдер азырынча мамлекеттик стандарт менен таанышып окуп чыкпагандыгы билинди.

Табигый-математикалык предметтерден сабак берген мугалимдердин предметтик стандарт менен болгон таныштыгын билүү максатында 2-суроо берилди.

***2-суроо***. *Сиз сабак берген предмет боюнча компетентүүлүккө багытталып иштелип чыккан жаңы муундагы «предметтик стандартты» көрдүңүзбү? Ооба____ Жок_____(белги коюңуз).*

**2-таблица.** Мектеп мугалимдеринин Мамлекеттик билим берүү стандарты менен тааныштыгынын маалыматы.

| Суроожообу | Талас району | Кара-Бура району | Бакай-Ата району | Манас району | Талас шаары | Жалпысы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 30 | 25 | 21 | 10 | 14 | 100 |
| Жок | 22 | 19 | 7 | 5 | 2 | 55 |
| Белги коюлбаган | 5 | 4 | 3 | 4 | 2 | 18 |
| Жалпысы: | 57 | 48 | 31 | 19 | 18 | 173 |
| Таанышкан, % | 52,6 | 52,1 | 67,7 | 52,6 | 77,7 | 57,8 |
| Таанышканэмес, % | 47,4 | 47,9 | 32,3 | 47,4 | 22,3 | 42,2 |

Бул суроо боюнча алынган жыйынтык 3-таблицада берилди. Чындыгында билим берүүнү башкаруу органдары тарабынан мугалимдерге предметтик стандарт таркатыла элек экен, бирок мугалимдердин арасында 30 пайызга жакыны тааныштыгыбыз бар деп айткандар болуште. Мүмкүн алар официалдуу эмес булактар аркылуу таанышкан же тааныш эмеспиз деп айткандан тартынгандар болушу мүмкүн. Тааныш эмеспиз деп чынын айткандар 70 пайыздан ашты. Жаңы стандарттын ишке ашышы башталгыч класстар үчүн башталган, ал эми кенже класстартарда табигый-математика предметтери үчүн 2018–2019 жылдан баштап колдонула баштады. Демек бир жыл алдың мугалимдер өз инициативасы менен гана таанышышкан, билим берүү башкармалыгы тараптан талап боло элек десек туура болот.

**3-таблица.** Мугалимдердин предметтик стандарт менен болгон тааныштыгы.

| Суроожообу | Талас району | Кара-Бура району | Бакай-Ата району | Манас району | Талас шаары | Жалпысы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 19 | 14 | 6 | 4 | 8 | 51 |
| Жок | 30 | 31 | 17 | 7 | 7 | 92 |
| Белги коюлбаган | 8 | 3 | 8 | 8 | 3 | 30 |
| Жалпысы: | 57 | 48 | 31 | 19 | 18 | 173 |
| Таанышкан, % | 33,3 | 29,2 | 19,4 | 21,0 | 44,4 | 29,5 |
| Таанышканэмес, % | 66,7 | 70,8 | 80,6 | 79,0 | 55,6 | 70,5 |

Биз мектеп мугалимдери менен тыгыз байланышта болуп алар менен иштешүү үчүн алардын суроо талаптарын билүү үчүн 3- суроо берилди.

**3-суроо.** *Күтүлүп жаткан жаңы муундагы билим берүү стандартын колдонуп билим сапатын жакшыртууга карата кандай мүчүлүштөр жана бөгөттөр бар экенин жана сунуш пикирлер болсо билдиргиле*.- деген суроого берилген бардык мугалимдердин жоопторун топтоштурганда төмөнкүдөй суроо талаптардын бар экени билинди. ***Алар төмөнкүлөр:***

1. Класстагы окуучулардын санын 25 тен көп болуусу. Бул маселе айрыкча баштапкы класстарда өтө проблемалуу болууда. Көпчүлүк шаардык мектептерде айрыкча орус класстарында биринчи класска 3-5 класс ачылсадагы окуучулардын саны 40 тан ашык болууда.
2. Табигый предметтердеги сабактарынын лабораториялык жана практикалык иштерин максатка жеткирип, так аткаруу үчүн окуучуларды подгруппага бөлүп окутуу зарылдыгы.
3. Мугалимдердин айлык акысынын аздыгы жакшы, чыгармачыл, көрсөтмөлүү сабак менен билим берген мугалим болуп иштөөдөн баш тартууга алып барышы мүмкүн экендиги.

4. Мугалимдердин формалдык, кагаз жумуштары менен алектенүүсүн азайтып, өздөрүнүн тикелей кесиптик милдеттерин аткарууга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берилүү маселеси.

5. Жаңы чыккан окуу китептери көбүнчө илимий терминде жазылып, окуучу балдардын деңгээли эске алынбай чыгарылып жаткандыгы.

6. Мугалим коомдогу өзүнүн статусуна ээ болмоюнча, билим берүү сферасында өзгөрүү болушунун кыйындыгы.

7. Практикалык, лабораториялык иш жүргүзүүгө окуу куралдардардын жетиштүү эмес болушу.

8. Эски мугалимдер үчүн окутуунун жаңы методдорун үйрөнүү үчүн жаш мугалимдердин билимин жогорулатуу үчүн окуулардын, билим жогорулатуу курстарынын жетиштүү болбой жаткандыгы.

9. Азыркы учурдун талабына ылайык турмуштан алынган логикалык ой жүгүртүүгө багытталган предметтик жаңы окуу китептери же кошумча окуу усулдук китептери чыгарылса.

10. Предметтерге бөлүнгөн сааттарды кыскарткaнга көп басым жасабастан, иш кагаздарын азайтып, ата-энелердин милдеттерин көбөйтсө.

11. Мектептеги начар мугалимдердин санын азайтып, мугалимдин окуучулар арасында билимдүү инсан экенин бааланса.

12. Окуу китептери өзгөрүлбөсө, күн сайын даярдалуучу сабак планы жок дегенде 5 жылга чейин жарактуу болсо.

13. Жаңы методдорду көбүрөөк колдонууга карата ар бир адистик боюнча семинарлар өтүлүп мугалимдердин билимин жогорулатса.

14. Интерактивдүү доска жана башка заманбап окутуунун техникалык каражаттары (ТСО) менен камсыз кылынса.

15. Окуучулар үчүн 8-класска жазылган химия окуу китептери өтө татаал болуп калгандыгы.

16. Окулуп жаткан китеп менен азыркы окуу планынын дал келбей жаткандыгы. Алгач китептерди чыгарып анан аны окутуу боюнча методдор берилсе жакшы болмок.

17. Жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмундук өзгөчөлүгү айылдык мектепмугалимдерине жөнөкөй сөз менен жеткиликтүү түшүндүрүп берилсе.

18. Сабактын планын дагы максатты кыска, маанилүү кылып түзүү ыкмалары үйрөтүлсө.

19. Балдарды оюн ойнотконго ар кандай материалдар мектеп китепканаларына берилсе.Биздин ар кандай материал алууга каражатыбыз жетишсиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдрахманов Т. Мектептик билим берүү менеджментиндеги проблемалар / Кут билим. – №19. – 2015. – 22-май.

2. Иптаров С. Улуттук билим баалуулуктары тууралуу. / Билим берүүнүн рухий ыймандук дөөлөттөрү: абалы жана келечеги // 5-илимий симпозиумдун материалдары. – Бишкек, 2013. – 23–32 бет.

3. Жумаев Н. Сапаттуу адистер – билим берүүнүн локомативи / Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринининистратегиялык мааниси жана окуу куралдарынын сапаты: Симпозиум материалы. – Бишкек, 2009. – 150–153 б.

4. Базаркулов М. Жакшы тилек, жарым ырыс // Кут билим. – №48. – 2014

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты». – Бишкек, 2014. – 32-б.

6. Мамытов А.М. Жаңы формациядагы мугалимдерди компетенттүүлүктүн негизинде даярдоо / Известия КАО. – №3(27). – Бишкек. – 36-б.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Сагыналиева Н.К.**